**12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн берилген "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндөгү коллегиялдуулук жана жеке башчылык (конституциялык-укуктук аспект)" темасында даярдалган Татенов Марат Бейшенбековичтин диссертациясына карата расмий оппонентинин**

# ПИКИРИ

**1. Изилдөө темасынын актуалдуулугу жана анын жалпы илимий жана мамлекеттик программалар менен байланышы.**

Диссертациялык изилдөөнүн темасы Кыргыз Республикасынын 2018-2040-жылдарга өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы менен байланышкан. Анын 4-бөлүгүндөгү мамлекеттик башкаруу жана жалпы программалык документтеги жоболорду диссертант илимий көз карашы менен талдаган. Ошондой эле бул теманы тандоо мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдарынын саясий-укуктук табиятын жетиштүү деңгээлде изилденбегендиги менен шартталган, атап айтканда азыркы учурга чейин коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдарынын басымдуулугуна жараша дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндө ар кандай доорлордо өнүгүүнүн жана төмөндөөнүн мыйзам ченемдүүлүгү аныкталган эмес жана ачык корголгон эмес, коллегиялдуу жана жеке башкаруучу органдардын белгилери бөлүнгөн эмес, укук принциптеринин иш-аракетинин коллегиялдуулук жана жеке башчылык принциптеринен көз карандылыгы изилденген эмес, адамдын жана жарандын укуктарын камсыз кылуу жана коргоо механизминин ишине коллегиялдуулук принцибинин таасири изилденген эмес, демократиялык, укуктук мамлекеттин ж.б. механизминин типтүү модели талданган эмес.

Бул көйгөйдү изилдөө биздин өлкодө укуктук мамлекетти өнүктүрүүнүн саясий-укуктук тенденциясына байланыштуу актуалдуу. Коллегиялдык башкаруу формасында белгилүү болгондой, парламент мыйзам чыгаруучу, жогорку өкүлчүлүктүү жана коллегиалдуу орган катары мамлекеттик башкарууда маанилүү ролдордун бирин аткарышы керек. Бул тема боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүү юридикалык илимди, атап айтканда, конституциялык, муниципалдык укукту, мамлекеттик башкаруу теориясын өнүктүрүү үчүн да зарыл. Коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдардын табиятын изилдөө жана коллегиалдуу органдардын жеке башчылыкка көзөмөл жүргүзүүсүндө алардын өз ара аракеттенүүсүн туура уюштуруу жана аларга белгилүү бир эркиндик берүү Кыргызстанда натыйжалуу жана рационалдуу мамлекеттик башкарууну колдоого мүмкүндүк берет. Ошентип, коомдун турмушунун бардык чөйрөлөрүндө: саясий, экономикалык, социалдык жана руханий маселелерди чечүүчү мамлекеттик башкарууда коллегиялдуулук

КНУ им. ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА
ЮРИДИЧЕСКИЙ ИНСТИТУТ
Входящий № 25/2

принцибинин жогоруда баяндалган параметрлери бул изилдөөнү жүргүзүүнүн актуалдуулугун жана зарылдыгын көрсөтүп турат.

## 2. Диссертациялык талаптардын алкагындагы илимий натыйжалар

М.Б. Татенов тарабынан жүргүзүлгөн диссертациялык изилдөө Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндөгү коллегиялдуулук жана жеке башчылык принциптери изилденип, ушул башталыштардын алкагындагы көйгөйлөр талданган. Бул илимий иш, автор тарабынан өз алдынча аткарылган жана бул тармактагы илим үчүн маанилүү болгон маселелерди чечүүгө багытталган.

Изилдөө төмөнкү негизги илимий жыйынтыктарды берди:

**1-натыйжа.** Конституциялык укуктун негизинде мамлекеттик органдардын түшүнүгүн талдоо менен мамлекеттик бийликтин коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдарынын төөмөндөгүдөй белгилери аныкталды жана негизделди:

1) коллегиялдуу орган 2 же андан көп мүчөдөн турат;

2) ушул белгилердин 4-пунктунда көрсөтүлгөн органдын башчысынын ыйгарым укуктарын кошпогондо, коллегиялдуу органдын бардык мүчөлөрү өз кызмат орундарын бирдей түрдө ээлешет жана бирдей кызматтык укуктарга ээ болушат;

3) коллегиялдуу органдын башчысы бул органдын курамынан анын мүчөлөрү тарабынан шайланат жана алар тарабынан кызмат ордунан четтетилиши мүмкүн;

4) коллегиялдуу органдын жетекчиси жетекчилик кылуучу органдын ишин уюштуруу үчүн зарыл болгон уюштуруу-башкаруу мүнөзүндөгү анча чоң эмес ыйгарым укуктарга ээ жана ошол органдын мүчөлөрүнө жана ушул коллегиялдуу органдын иши менен байланышпаган башка адамдарга карата жеке тартипте укук колдонуу актыларын кабыл алууга укугу жок;

5) коллегиялдуу орган өзүнүн аймактык бөлүмчөлөрүн түзбөйт. Жеке башкаруучу орган бир нече мүчөдөн турушу мүмкүн экендигин кошпогондо, негизинен жогоруда саналып өткөн коллегиялдуу органдын мүнөздөмөлөрүнө карама-каршы көрсөткүчтөр жеке башкаруучу мамлекеттик органдын белгилери болуп саналат.

**2-натыйжа.** Мамлекеттин коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдарынын иштешинин тарыхый негиздерин ачып берүүдө, алардын калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн негизги 4 этабы аныкталды:

1 – этапта, мамлекеттин пайда болуусунда коомдук өз алдынча башкаруунун уруулук органдары ишмердүүлүктүн коллегиялдуу же болбосо жеке башчылык мүнөзүн сактап калуу менен мамлекеттик органдарга трансформацияланганы изилденген. Бул мезгилдерде Байыркы Грецияда жана

Байыркы Римде мамлекеттүүлүктүн калыптанышы, мамлекеттик механизмде коллегиялдуу органдар чоң роль ойногондугу, ал эми мамлекеттүүлүктүн пайда болушунун чыгыш жолу менен Чыгыш өлкөлөрүндө мамлекеттик жеке башкаруу ишке ашырылгандыгы белгиленген.

2- этапта, Кыргызстандын тарыхынын XVI - XIX-кылымдарында кыргыздарда жеке уруу башкаруучулары менен бирге бийлердин соту, курултай сыяктуу коллегиялдуу органдар иштеген.

3 – этапта, Совет бийлигинин доорунда жаңы типтеги мамлекеттик бийлик органдары түзүлгөн: Советтердин съезддери, Борбордук аткаруу комитети, административдик-аймактык бирдиктерде депутаттардын Кеңештери, эл комиссарлар Совети, эл чарба Совети, андан кийин Жогорку Совет, министрлер Совети, аларда коллегиялдуу башкаруу ишке ашырылган. Мисалы, СССРдин Жогорку эл чарба Советинин (ВСНХ) 11 адамдан турган бюросу, СССРдин эл чарба Советинин (СНХ) 15 кишиге чейин курамы болгон. Өз курамы боюнча коллегиялдуу болуу менен бул органдардын чарбалык жетекчиликтин тиешелүү маселелерин кароо жана чечүү үчүн арналган атайын, ошондой эле коллегиалдуу бөлүмдөрү болгон. Коллегиялдуулуктун окшош формалары бир катар мамлекеттик комитеттердин уюштуруусунда жана ишмердүүлүгүндө да орун алган (мисалы, СССРдин илимий-изилдөө иштерин координациялоо боюнча мамлекеттик комитетинин окумуштуулар кеңеши).

4 – этапта, постсоветтик мезгилде советтик башкаруу системасы реформаланып, мамлекеттик башкарууда коллегиялдуулук жана жеке башчылык принциптеринин ичинен экинчиси көбүрөөк колдонула баштады. Кыргызстанда 2021-жылдын 10-январында өткөн конституциялык референдумда эл Президентти шайлоо менен бир убакта республиканын президенттик формасын тандап алган. Изилдөөнүн темасына карата окумуштуу-юристтердин илимий эмгектерине таянуу менен укуктук мамлекетти, жарандык коомду, парламентаризмди, демократияны, жергиликтүү өз алдынча башкарууну, борбордон четтетүүнү жүзөгө ашырууну, мыйзамдуулукту сактоону, адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылууну түзүү жана иштетүү маселелери каралып, коллегиалдуулук жана жеке башкаруучулукта басымдуулук жеке башкаруучулукка жасалгандыгы белгиленди.

**3-натыйжа.** Мамлекеттик башкаруунун принциптери катары коллегиялдуулуктун жана жеке башкаруунун конституциялык укуктук негиздери изилденип, ал принциптер мамлекеттик органдардын уюштуруучулук – укуктук негиздеринде артыкчылыктуу экендигин белгиледи. Изилдөөдө Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген коллегиялдуу органдын түзүлүшү жана функциялары тең укуктуулук принцибине негизделингендиги аныкталды. Коллегиялдуулук принциби тең укуктуулук принцибин ишке ашырууга өбөлгө түзөт, ал өз кезегинде адилеттүүлүктү жана укуктун бардык башка принциптерин

бекитмекчи.

**4-натыйжа.** Коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдардын ишинин негизиндеги мамлекеттик башкарууну жакшыртуу максатында Кыргыз Республикасынын “Министрлер Кабинети жөнүндөгү” Конституциялык мыйзамдын 6 – беренесинин 7 – бөлүгүнө төмөндөгүдөй өзгөртүү киргизүү сунушталды: *“Эгерде ушул берененин 6-бөлүгүндө көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде Жогорку Кеңеш жаңы же кайталап киргизилген талапкерлерди карабаса же карап жана макулдук бербесе, анда Президент ушул мөөнөт аяктагандан кийин Жогорку Кеңешке Министрлер Кабинетинин Төрагасынына жана башка мүчөлөрүнүн (айрым мүчөсүнүн) кызмат ордуна башка талапкерлерди сунуштайт”* жана ушул беренени 7-1-бөлүк менен *төмөнкүдөй мазмунда* толуктоо сунушталды: *“Эгерде ушул берененин 6-бөлүгүндө көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде Жогорку Кеңеш жаңы же кайталап киргизилген талапкерлерди карабаса же карап жана макулдук бербесе, анда Президент ушул мөөнөт аяктагандан кийин аларды Министрлер Кабинетинин Төрагасынын жана башка мүчөлөрүнүн (айрым мүчөсүнүн) кызмат ордуна дайындоого укуктуу”.* Ал эми колдонуудагы конституциялык мыйзам биринчиден, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 90-беренесинин 1 – пунктуна каршы келет. Ал жерде “Министрлер Кабинетинин Төрагасы, анын орун басарлары жана Министрлер Кабинетинин мүчөлөрү Жогорку Кеңештин макулдугу менен Президент тарабынан дайындалат” деп белгиленген. Экинчиден, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши коллегиалдуу мамлекеттик орган болгондуктан конституцияда каралган ыйгарым укугу ишке ашыралбай калууда. Бул Конституциянын жана мыйзамдын үстөмдүгү сыяктуу мыйзамдуулук принциптерин ишке ашырууга, б.а. бардык ченемдик укуктук актылардын жана башка мамлекеттик органдардын укугун колдонуу актыларынын Конституцияга жана мыйзамдарга ылайык келишине жана мыйзамдуулуктун бирдиктүүлүгүнө, мамлекеттин бардык аймагында мыйзамдарды бирдей түшүнүүгө жана колдонууга өбөлгө түзөт. Эгерде жогорудагы аныкталынган сунуш мыйзамга киргизилсе мамлекеттик башкаруудагы коллегиалдуу өкүлчүлүктүү органдын иши жакшырмак. Ар бир мамлекеттик коллегиялдуу орган макулдашуу жана добуш берүү жолу менен чечим кабыл алган болсо кызматтык ыйгарым укуктарында тең укуктуулук принциптери кеңири орун алмак.

**5-натыйжа.** Коллегиялдык өкүлчүлүктүү органдардын ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын негизинде алардын статусу төмөнкүдөй элементтерден тураары белгиленген: алардын ишинин конституциялык-укуктук негиздери; милдеттери жана функциялары; уюштуруунун жана ишмердүүлүгүнүн принциптери; кызмат мөөнөтү; ишмердүүлүк кепилдиктери; укуктар, милдеттер, жоопкерчилиги; бийликтин башка органдары менен болгон мамилелердин тартиби. Азыркы шартта

башкаруучулук маалыматтын көлөмү олуттуу көбөйгөндүгү, башкаруучулук процесстердин татаалдашы, мамлекеттик-башкаруучулук ишмердүүлүктөгү көйгөйлөрдүн курчушу менен мамлекеттик аппараттын ишиндеги коллегиалдуу өкүлчүлүктүү органдардын ишинин натыйжалуулугу аны рационалдаштыруунун маанилүү фактору болуп калат.

**6-натыйжа.** Мамлекеттин башкаруу формаларындагы коллегиалдуулук жана жеке башкаруучулук принциптерине негизделинген алардын өзгөчөлүктөрү аныкталды. Алсак биринчиден, коллегиалдуу принципке парламенттик монархия, парламенттик республика, аралаш башкаруу формалары негизделген. Экинчиден, жеке башкаруу принцибине класстык-өкүлчүлүктүү монархия, абсолюттук монархия, дуалисттик монархия, республикалык башкарууда - президенттик башкаруу формасы негизделди.

**7-натыйжа.** Коллегиялдык жана жеке башкаруу органдын белгилерине ылайык коллегиялдуу органдар мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун төмөнкү органдары болуп саналат: Жогорку Кеңеш, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, Жогорку сот, Конституциялык сот, Эсептөө палатасы, шайлоо комиссиялары, областтык соттор, жергиликтүү кеңештер. Президент, Министрлер Кабинетинен тышкары аткаруу органдары, биринчи инстанциядагы соттор, прокуратура органдары, Акыйкатчы (Омбудсмен), Улуттук банк, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары жеке башкаруу органдар болуп саналат.

**8-натыйжа.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши жогорку өкүлчүлүктүү мыйзам чыгаруучу коллегиялдуу орган катары конституция боюнча кеңири укуктар берилген. Бирок Жогорку Кеңештин ишмердүүлүгү боюнча конституцияда каралган нормаларды ишке ашырууда кээ бир мыйзамдар кабыл алынышы керектиги абдан маанилүү экендиги белгиленди жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 110 – беренесинде каралгандай Конституциянын үчүнчү бөлүгүндөгү мамлекеттик органдардын ишинин уюштурулушу жана тартиби, ошондой эле алардын көз карандысыздыгынын кепилдиктери конституциялык мыйзамдар менен аныкталары каралды. Алардын катарына Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши дагы кирет. Ошондуктан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин уюштуруучулук негиздерин жана конституциялык кепилдиктерин жөнгө салган конституциялык мыйзамды иштеп чыгуу керек экендиги аныкталды. Бул мыйзам Жогорку Кеңеште коллегиялдуулук принцибин ишке ашырууга шарт түзмөкчү. Кыргыз Республикасынын парламенти мамлекеттик бийликтин жогорку органы болууга тийиш. Бул үчүн Кыргыз Республикасынын Конституциянын 76-беренесинин 1-бөлүгүн туура баяндоо максатында бул пункттун редакциясын төмөнкүдөй түрдө өзгөртүү киргизүү сунушталды: "Жогорку Кецеш-Кыргыз Республикасынын парламенти-мыйзам чыгаруу бийлигин жана өз ыйгарым укуктарынын чегинде көзөмөл

кылуу милдеттерин жүзөгө ашыруучу жогорку коллегиялдуу өкүлчүлүктүү орган болуп саналат".

**9-натыйжа.** Конституциянын 85-беренесинин 4-бөлүгү мыйзам чыгаруу демилгеси укугун Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасына гана берет, бул коллегиалдуу органдын укуктук статусуна карама-каршы келет. Кыргыз Республикасынын 1993, 2010-жылдагы конституцияларына ылайык мыйзам чыгаруу демилгесинин укугу бүтүндөй Өкмөткө таандык болгон, ошондуктан 85-статьянын жогоруда аталган бөлүгүнө толуктоолорду киргизүү жана аны төмөнкүдөй редакцияда баяндоо сунушталат: «Министрлер Кабинетине».

**10-натыйжа.** Элдин мамлекетти башкаруу укугун ишке ашырууда Элдик Курултайдын ролун жогорулатуу үчүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 80-беренесинин 3-бөлүгүнүн 6-пунктуна толуктоолорду киргизүү жана аны төмөндөгүдөй өзгөртүү сунушталууда: «Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиянын мүчөлөрүнүн үчтөн бири Президенттин сунуштамасы боюнча, үчтөн бири Элдик Курултайдын сунуштамасы боюнча, ал эми үчтөн бири өзүнүн демилгеси менен шайлайт жана мыйзамда каралган учурларда аларды кызмат ордунан бошотот».

**11-натыйжа.** Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын жетекчилеринин жоопкерчилигин күчөтүү жана жергиликтүү жамааттын жергиликтүү өз алдынча башкарууга укугун ишке ашыруу максатында аларды коллегиалдуу өкүлчүлүктүү орган катары жергиликтүү кеңештер шайлашы жана бошотуулары негиздүү.

**12-натыйжа.** Кыргыз Республикасынын Президентин кызматтан четтетүү жол-жобосун жүргүзүүдө кызыкчылыктардын кагылышын жоюу үчүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 73-беренесинде Башкы прокурордун Президенттин аракетинде кылмыштын белгилери бар экендиги жөнүндө жана Конституциялык сот тарабынан айып коюунун белгиленген тартибин сактоо жөнүндө корутундуларды берүү жөнүндө ченемдерди алып салуу зарыл, анткени Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренесинин 4-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык, Президент Судьялар кеңешинин сунушу боюнча Жогорку Кеңештин макулдугу менен Конституциялык соттун судьяларынын ичинен 5 жылдык мөөнөткө Конституциялык соттун төрагасын кызмат ордуна дайындайт; Конституцияда жана конституциялык мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте Конституциялык соттун төрагасын кызмат ордунан бошотот; Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренесинин 5-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык Жогорку Кеңештин макулдугу менен Башкы прокурорду дайындайт; мыйзамда каралган учурларда Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын жарымынан кем эмесинин макулдугу менен Башкы прокурорду

ээлеген кызматынан бошотот. АКШ менен Франциянын конституцияларында импичмент процедурасы учурунда кандайдыр бир органдардын корутундусун берүү каралган эмес.

**13-натыйжа.** Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнүн жоопкерчилигин күчөтүү максатында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 89-беренесинин 6-бөлүгүн төмөнкүдөй редакцияда баяндоо менен толуктоо негиздүү: «Эгерде республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчёт Жогорку Кеңеш тарабынан канааттандырарлык эмес деп табылса, Жогорку Кеңеш Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнүн жоопкерчилигин карайт".

**14-натыйжа.** Демократиялык принциптерди ишке ашыруу жана конституцияга каршы келбестиги үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын көз карандысыздык принцибин сактоо керектиги белгиленди. Бул үчүн Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү" мыйзамын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" мыйзамдан бөлүү сунушталууда.

**3. Диссертацияда түзүлгөн ар бир натыйжанын (илимий жоболордун), корутуидулардын жана сунуштардын негиздүү дэңгээли жана ишенимдүүлүгү**

Диссертацияда берилген жыйынтыктардын аныктыгы жана негиздүүлүгү изилдөөнүн жүрүшүндө колдонулган методология менен аныкталат, ошондой эле алар негизги булактарды жана ченемдик укуктук актыларды терең талдоого негизделгендиги менен аныкталат.

**1-натыйжа.** Ишенимдүү жана негиздүү, анткени автор коллегиялдык органдын 5 белгисин аныктап, негиздеген, анын негизинде жеке башкаруу органдын белгилерин изилдеген.

**2-натыйжа.** Ишенимдүү, анткени изденүүчү мамлекеттин коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдарынын иштешинин тарыхый негиздерин ачып берүүдө, алардын калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн негизги 4 этабын аныктаган.

**3-натыйжа.** Ишенимдүү жана негиздүү, анткени коллегиялдуулук жана жеке башчылык мамлекеттик башкаруунун принциптери болуу менен укук принциптери менен байланышы, алар да мамлекеттик жана муниципалдык органдардын ишинин негиз салуучу башталышы катары каралган. Берилген принциптердин ортосунда белгилүү бир иерархия, биринчилик жана аныкталган башталыштардын ырааттуулугу бар. Коллегиялдуулук принциби тең укуктуулук принцибин ишке ашырууга өбөлгө түзөт, ал өз кезегинде

адилеттүүлүктү жана укуктун бардык башка принциптерин жүзөгө ашырылышына өбөлгө түзүшү далилденген.

**4-натыйжа.** Ишенимдүү, анткени диссертант Конституцияга каршы келүүчү ченемди аныктап Кыргыз Республикасынын "Министрлер Кабинети жөнүндөгү" Конституциялык мыйзамдын 6 – беренесинин 7 – бөлүгүнө төмөндөгүдөй өзгөртүү киргизүү сунушталды: *"Эгерде ушул берененин 6-бөлүгүндө көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде Жогорку Кеңеш жаңы же кайталап киргизилген талапкерлерди карабаса же карап жана макулдук бербесе, анда Президент ушул мөөнөт аяктагандан кийин Жогорку Кеңешке Министрлер Кабинетинин Төрагасынына жана башка мүчөлөрүнүн (айрым мүчөсүнүн) кызмат ордуна башка талапкерлерди сунуштайт"* жана ушул беренени 7-1-бөлүк менен *төмөнкүдөй мазмунда* толуктоо сунушталды: "*Эгерде ушул берененин 6-бөлүгүндө көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде Жогорку Кеңеш жаңы же кайталап киргизилген талапкерлерди карабаса же карап жана макулдук бербесе, анда Президент ушул мөөнөт аяктагандан кийин аларды Министрлер Кабинетинин Төрагасынын жана башка мүчөлөрүнүн (айрым мүчөсүнүн) кызмат ордуна дайындоого укуктуу"*. Ал эми колдонуудагы конституциялык мыйзам, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 90-беренесинин 1 – пунктуна каршы келет. Ал жерде "Министрлер Кабинетинин Төрагасы, анын орун басарлары жана Министрлер Кабинетинин мүчөлөрү Жогорку Кеңештин макулдугу менен Президент тарабынан дайындалат" деп белгиленген.

**5-натыйжа.** Ишенимдүү жана негиздүү, анткени коллегиалдуу өкүлчүлүктүү органдардын ишин жөнгө салган укуктук актылардын негизинде алардын статусу төмөндөгүдөй элементтерден турары негизделди: конституциялык укуктук мүнөздөмөсү; ыйгарым укуктарынын мөөнөтү; ыйгарым укуктардын бөлүнүшүнүн шарттары жана тартиби; ишинин кепилдиги; укуктары, милдеттери, жоопкерчилиги; алардын башка органдар менен болгон байланыштары. Азыркы шартта башкаруучулук маалыматтын көлөмү олуттуу көбөйгөндүгү, башкаруучулук процесстердин татаалдашы, мамлекеттик-башкаруучулук ишмердүүлүктөгү көйгөйлөрдүн курчушу менен мамлекеттик аппараттын ичиндеги коллегиалдуу өкүлчүлүктүү органдардын ишинин натыйжалуулугу аны рационалдаштыруунун маанилүү фактору болуп калат.

**6-натыйжа.** Ишенимдүү, анткени башкаруунун бардык формалары эки принциптин биринин үстөмдүгүнө карата: коллегиялдуулук же жеке башкаруу, эки топко бөлүнүшү негизделген: 1) коллегиялдуулук принцибине негизделген башкаруу формалары: парламенттик монархия, парламенттик республика, аралаш башкаруу формасы; 2) жеке башкаруу принцибине негизделген башкаруу формалары: класстык-өкүлчүлүктүү монархия, абсолюттук монархия, дуалисттик монархия, президенттик республика.

**7-натыйжа.** Ишенимдүү жана негиздүү, анткени диссертант коллегиялдык жана жеке башкаруу органдын белгилерине ылайык мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын коллегиялдык жана жеке башкаруу органдарына классификациялаган.

**8-натыйжа.** Ишенимдүү, анткени диссертант Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 110 – беренесинде белгиленген ченемге карап керектүү конституциялык Мыйзамды төмөндөгү маселе боюнча иштеп чыгарууга сунуш берген. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши жогорку өкүлчүлүктүү мыйзам чыгаруучу коллегиялдуу орган катары конституция боюнча кеңири укуктар берилген. Бирок Жогорку Кеңештин ишмердүүлүгү боюнча конституцияда каралган нормаларды ишке ашырууда кээ бир мыйзамдар кабыл алынышы керектиги абдан маанилүү экендиги белгиленди жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 110 – беренесинде каралгандай Конституциянын үчүнчү бөлүгүндөгү мамлекеттик органдардын ишинин уюштурулушу жана тартиби, ошондой эле алардын көз карандысыздыгынын кепилдиктери конституциялык мыйзамдар менен аныкталары каралды. Алардын катарына Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши дагы кирет. Ошондуктан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин уюштуруучулук негиздерин жана конституциялык кепилдиктерин жөнгө салган конституциялык мыйзамды иштеп чыгуу керек экендиги аныкталды. Андан тышкары Жогорку Кеңештин укуктук статусун Кыргыз Республикасынын Конституциясында туура белгилөө үчүн анын 76-беренесинин 1-бөлүгүн төмөнкүдөй редакциясында өзгөртүү сунушталган: "Жогорку Кеңеш-Кыргыз Республикасынын парламенти-мыйзам чыгаруу бийлигин жана өз ыйгарым укуктарынын чегинде көзөмөл кылуу милдеттерин жүзөгө ашыруучу жогорку коллегиялдуу өкүлчүлүктүү орган болуп саналат".

**9-натыйжа.** Ишенимдүү жана негиздүү, анткени Конституциянын 85-беренесинин 4-бөлүгү мыйзам чыгаруу демилгеси укугун Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасына гана берет, бул коллегиалдуу органдын укуктук статусуна карама-каршы келет. Кыргыз Республикасынын 1993, 2010-жылдагы конституцияларына ылайык мыйзам чыгаруу демилгесинин укугу бүтүндөй Өкмөткө таандык болгон, ошондуктан 85-статьянын жогоруда аталган бөлүгүнө толуктоолорду киргизүү жана аны төмөнкүдөй редакцияда баяндоо сунушталат: «Министрлер Кабинетине».

**10-натыйжа.** Ишенимдүү, анткени элдин мамлекетти башкаруу укугун ишке ашырууда Элдик Курултайдын ролун жогорулатуу үчүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 80-беренесинин 3-бөлүгүнүн 6-пунктуна толуктоолорду киргизүү жана аны төмөндөгүдөй өзгөртүү сунушталууда: «Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиянын мүчөлөрүнүн үчтөн бири Президенттин сунуштамасы боюнча,

үчтөн бири Элдик Курултайдын сунуштамасы боюнча, ал эми үчтөн бири өзүнүн демилгеси менен шайлайт жана мыйзамда каралган учурларда аларды кызмат ордунан бошотот».

**11-натыйжа.** Ишенимдүү жана негиздүү, анткени жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын жетекчилеринин жоопкерчилигин күчөтүү жана жергиликтүү жамааттын жергиликтүү өз алдынча башкарууга укугун ишке ашыруу максатында аларды коллегиялдуу өкүлчүлүктүү орган катары жергиликтүү кеңештер шайлашы жана бошотуулары натыйжалуу.

**12-натыйжа.** Ишенимдүү, анткени Кыргыз Республикасынын Президентин кызматтан четтетүү жол-жобосун жүргүзүүдө кызыкчылыктардын кагылышын жоюу үчүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 73-беренесинде Башкы прокурордун Президенттин аракетинде кылмыштын белгилери бар экендиги жөнүндө жана Конституциялык сот тарабынан айып коюунун белгиленген тартибин сактоо жөнүндө корутундуларды берүү жөнүндө ченемдерди алып салуу зарыл, анткени Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренесинин 4-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык, Президент Судьялар кеңешинин сунушу боюнча Жогорку Кеңештин макулдугу менен Конституциялык соттун судьяларынын ичинен 5 жылдык мөөнөткө Конституциялык соттун төрагасын кызмат ордуна дайындайт; Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренесинин 5-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык Жогорку Кеңештин макулдугу менен Башкы прокурорду дайындайт; мыйзамда каралган учурларда Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын жарымынан кем эмесинин макулдугу менен Башкы прокурорду ээлеген кызматынан бошотот. АКШ менен Франциянын конституцияларында импичмент процедурасы учурунда кандайдыр бир органдардын корутундусун берүү каралган эмес.

**13-натыйжа.** Ишенимдүү жана негиздүү, анткени Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнүн жоопкерчилигин күчөтүү максатында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 89-беренесинин 6-бөлүгүн төмөнкүдөй редакцияда баяндоо менен толуктоо негиздүү: «Эгерде республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчёт Жогорку Кеңеш тарабынан канааттандырарлык эмес деп табылса, Жогорку Кеңеш Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнүн жоопкерчилигин карайт".

**14-натыйжа.** Ишенимдүү, анткени демократиялык принциптерди ишке ашыруу жана конституцияга каршы келбестиги үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын көз карандысыздык принцибин сактоо керектиги белгиленди. Бул үчүн Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү" мыйзамын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" мыйзамдан

бөлүү сунушталган.

**4. Изденүүчүнүн диссертацияда келтирилген ар бир натыйжасынын (илимий жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун жаңылыгынын деңгээли**

**1-натыйжа.** Жаңы болуп саналат, анткени автор коллегиялдык органдын 5 белгисин аныктап, негиздеген, анын негизинде жеке башкаруу органдын белгилерин изилдеген.

**2-натыйжа.** Жаңы, анткени изилдөөчү мамлекеттин коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдарынын иштешинин тарыхый негиздерин ачып берүүдө, алардын калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн негизги 4 этабын аныктаган.

**3-натыйжа.** Жаңы болуп саналат, анткени коллегиялдуулук жана жеке башчылык мамлекеттик башкаруунун принциптери болуу менен укук принциптери менен байланышы, алар да мамлекеттик жана муниципалдык органдардын ишинин негиз салуучу башталышы катары каралган. Берилген принциптердин ортосунда белгилүү бир иерархия, биринчилик жана аныкталган башталыштардын ырааттуулугу бар. Коллегиялдуулук принциби тең укуктуулук принцибин ишке ашырууга өбөлгө түзөт, ал өз кезегинде адилеттүүлүктү жана укуктун бардык башка принциптерин бекитүүгө өбөлгө түзүшү далилделген.

**4-натыйжа.** Жаңылыгы менен айырмаланат, анткени коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдардын ишинин негизиндеги мамлекеттик башкарууну жакшыртуу максатында Кыргыз Республикасынын "Министрлер Кабинети жөнүндөгү" Конституциялык мыйзамдын 6 – беренесинин 7 – бөлүгүнө төмөндөгүдөй өзгөртүү киргизүү сунушталды: *"Эгерде ушул берененин 6-бөлүгүндө көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде Жогорку Кеңеш жаңы же кайталап киргизилген талапкерлерди карабаса же карап жана макулдук бербесе, анда Президент ушул мөөнөт аяктагандан кийин Жогорку Кеңешке Министрлер Кабинетинин Төрагасынына жана башка мүчөлөрүнүн (айрым мүчөсүнүн) кызмат ордуна башка талапкерлерди сунуштайт"* жана ушул беренени 7-1-бөлүк менен *төмөнкүдөй мазмунда* толуктоо сунушталды: *"Эгерде ушул берененин 6-бөлүгүндө көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде Жогорку Кеңеш жаңы же кайталап киргизилген талапкерлерди карабаса же карап жана макулдук бербесе, анда Президент ушул мөөнөт аяктагандан кийин аларды Министрлер Кабинетинин Төрагасынын жана башка мүчөлөрүнүн (айрым мүчөсүнүн) кызмат ордуна дайындоого укуктуу".* Ал эми колдонуудагы конституциялык мыйзам биринчиден, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 90-беренесинин 1 – пунктуна каршы келет. Ал жерде "Министрлер Кабинетинин Төрагасы, анын орун басарлары жана Министрлер Кабинетинин мүчөлөрү Жогорку Кеңештин макулдугу

менен Президент тарабынан дайындалат" деп белгиленген. Экинчиден, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши коллегиалдуу мамлекеттик орган болгондуктан конституцияда каралган ыйгарым укугу ишке ашыралбай калууда. Бул Конституциянын жана мыйзамдын үстөмдүгү сыяктуу мыйзамдуулук принциптерин ишке ашырууга, б.а. бардык ченемдик укуктук актылардын жана башка мамлекеттик органдардын укугун колдонуу актыларынын Конституцияга жана мыйзамдарга ылайык келишине жана мыйзамдуулуктун бирдиктүүлүгүнө, мамлекеттин бардык аймагында мыйзамдарды бирдей түшүнүүгө жана колдонууга өбөлгө түзөт.

**5-натыйжа.** Жаңы болуп саналат, анткени коллегиалдуу өкүлчүлүктүү органдардын ишин жөнгө салган укуктук актылардын негизинде алардын статусу төмөндөгүдөй элементтерден турары негизделди: конституциялык укуктук мүнөздөмөсү; ыйгарым укуктарынын мөөнөтү; ыйгарым укуктардын бөлүнүшүнүн шарттары жана тартиби; ишинин кепилдиги; укуктары, милдеттери, жоопкерчилиги; алардын башка органдар менен болгон байланыштары. Азыркы шартта башкаруучулук маалыматтын көлөмү олуттуу көбөйгөндүгү, башкаруучулук процесстердин татаалдашы, мамлекеттик-башкаруучулук ишмердүүлүктөгү көйгөйлөрдүн курчушу менен мамлекеттик аппараттын ишиндеги коллегиалдуу өкүлчүлүктүү органдардын ишинин натыйжалуулугу аны рационалдаштыруунун маанилүү фактору болуп калат.

**6-натыйжа.** Жаңылыгы менен айырмаланат, анткени башкаруунун бардык формалары эки принциптин биринин үстөмдүгүнө карата: коллегиялдуулук же жеке башкаруу эки топко бөлүнүшү негизделген: 1) коллегиялдуулук принцибине негизделген башкаруу формалары: парламенттик монархия, парламенттик республика, аралаш республика; 2) жеке башкаруу принцибине негизделген башкаруу формалары: класстык-өкүлчүлүктүү монархия, абсолюттук монархия, дуалисттик монархия, республикалык башкарууда - президенттик башкаруу формасы негизделген.

**7-натыйжа.** Жаңы болуп саналат, анткени диссертант коллегиялдык жана жеке башкаруу органдын белгилерине ылайык мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын коллегиялдык жана жеке башкаруу органдарына классификациялаган.

**8-натыйжа.** Жаңылыгы менен айырмаланат, анткени Жогорку Кеңештин ишмердүүлүгү боюнча конституцияда каралган нормаларды ишке ашырууда кээ бир мыйзамдар кабыл алынышы керектиги абдан маанилүү экендиги белгиленди жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 110 – беренесинде каралгандай Конституциянын үчүнчү бөлүгүндөгү мамлекеттик органдардын ишинин уюштурулушу жана тартиби, ошондой эле алардын көз карандысыздыгынын кепилдиктери конституциялык мыйзамдар менен аныкталары каралды. Алардын катарына Кыргыз Республикасынын

Жогорку Кеңеши дагы кирет. Ошондуктан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин уюштуруучулук негиздерин жана конституциялык кепилдиктерин жөнгө салган конституциялык мыйзамды иштеп чыгуу керек экендиги аныкталды. Андан тышкары Жогорку Кеңештин укуктук статусун Кыргыз Республикасынын Конституциясында туура белгилөө үчүн анын 76-беренесинин 1-бөлүгүн төмөнкүдөй редакциясында өзгөртүү сунушталган: *"Жогорку Кеңеш-Кыргыз Республикасынын парламенти-мыйзам чыгаруу бийлигин жана өз ыйгарым укуктарынын чегинде көзөмөл кылуу милдеттерин жүзөгө ашыруучу жогорку коллегиялдуу өкүлчүлүктүү орган болуп саналат".*

**9-натыйжа.** Жаңы, анткени Конституциянын 85-беренесинин 4-бөлүгү мыйзам чыгаруу демилгеси укугун Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасына гана берет, бул коллегиалдуу органдын укуктук статусуна карама-каршы келет. Кыргыз Республикасынын 1993, 2010-жылдагы конституцияларына ылайык мыйзам чыгаруу демилгесинин укугу бүтүндөй Өкмөткө таандык болгон, ошондуктан 85-статьянын жогоруда аталган бөлүгүнө толуктоолорду киргизүү жана аны төмөнкүдөй редакцияда баяндоо сунушталат: «Министрлер Кабинетине».

**10-натыйжа.** Жаңы болуп саналат, анткени элдин мамлекетти башкаруу укугун ишке ашырууда Элдик Курултайдын ролун жогорулатуу үчүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 80-беренесинин 3-бөлүгүнүн 6-пунктуна толуктоолорду киргизүү жана аны төмөндөгүдөй өзгөртүү сунушталууда: «Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиянын мүчөлөрүнүн үчтөн бири Президенттин сунуштамасы боюнча, үчтөн бири Элдик Курултайдын сунуштамасы боюнча, ал эми үчтөн бири өзүнүн демилгеси менен шайлайт жана мыйзамда каралган учурларда аларды кызмат ордунан бошотот».

**11-натыйжа.** Жаңылыгы менен айырмаланат, анткени жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын жетекчилеринин жоопкерчилигин күчөтүү жана жергиликтүү жамааттын жергиликтүү өз алдынча башкарууга укугун ишке ашыруу максатында аларды коллегиалдуу өкүлчүлүктүү орган катары жергиликтүү кеңештер шайлашы жана бошотуулары негиздүү.

**12-натыйжа.** Жаңы, анткени Кыргыз Республикасынын Президентин кызматтан четтетүү жол-жобосун жүргүзүүдө кызыкчылыктардын кагылышын жоюу үчүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 73-беренесинде Башкы прокурордун Президенттин аракетинде кылмыштын белгилери бар экендиги жөнүндө жана Конституциялык сот тарабынан айып коюунун белгиленген тартибин сактоо жөнүндө корутундуларды берүү жөнүндө ченемдерди алып салуу зарыл, анткени Кыргыз Республикасынын

Конституциясынын 70-беренесинин 4-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык, Президент Судьялар кеңешинин сунушу боюнча Жогорку Кеңештин макулдугу менен Конституциялык соттун судьяларынын ичинен 5 жылдык мөөнөткө Конституциялык соттун төрагасын кызмат ордуна дайындайт; Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренесинин 5-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык Жогорку Кеңештин макулдугу менен Башкы прокурорду дайындайт.

**13-натыйжа.** Жаңы болуп саналат, анткени Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнүн жоопкерчилигин күчөтүү максатында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 89-беренесинин 6-бөлүгүн төмөнкүдөй редакцияда баяндоо менен толуктоо негиздүү: «Эгерде республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчёт Жогорку Кеңеш тарабынан канааттандырарлык эмес деп табылса, Жогорку Кеңеш Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнүн жоопкерчилигин карайт".

**14-натыйжа.** Жаңылыгы менен айырмаланат, анткени демократиялык принциптерди ишке ашыруу жана конституцияга каршы келбестиги үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын көз карандысыздык принцибин сактоо керектиги белгиленди. Бул үчүн Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү" мыйзамын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" мыйзамдан бөлүү сунушталууда.

## 5. Алынган натыйжалардын ички биримдигин баалоо

М.Б. Татеновдун диссертациясы илимий методдорду ырааттуу колдонуунун жана анализдин юридикалык аспектилерин терең өздөштүрүүнүн аркасында жетишилген ички ырааттуулугу менен жана жүргүзүлгөн изилдөөнүн алкагында алынган жыйынтыктарынын ички байланышы менен айырмаланат. Демек, диссертациянын ар бир бөлүмүнүн өзүнүн изилдөө суроолору, методдору жана конкреттүү тыянактары менен уникалдуулугу менен айрымаланат, алардын бардыгы коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн жакшыртуу максатына багытталган. Диссертациянын структуралык максаты коргоо үчүн берилген позициялардын, ар бир бөлүмдүн аягында жасалган аралык тыянактардын жана жалпыланган тыянактардын чебер айкалышында көрүнөт.

## 6. Теория жана практика үчүн илимий натыйжалардын мааниси, диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларын колдонуу боюнча сунуштар

Диссертациялык ишти даярдоодо изилдөө темасына байланыштуу улуттук жана чет өлкөлүк мыйзамдардын, илимий-теориялык материалдардын кеңири базасы колдонулган. Изилдөөнүн

жыйынтыктарынын илимий жана практикалык мааниси анын тыянактары көтөрүлгөн маселелерди андан ары теориялык жактан түшүнүү үчүн баштапкы чекит катары колдонулушу мүмкүн экендиги менен мүнөздөлөт.

Изденуучу тарабынан диссертациялык изилдөө темасы боюнча жарыяланган эмгектеринде мамлекеттик коллегиялдык жана жеке башкаруунун табияты ачыкталган, коллегиялдык жана жеке башкаруу органдардын белгилери каралган, коллегиялдык органдардын жеке башкаруу органдардын үстүнөн болгон көзөмөлүнөн укуктук мамлекеттин, жарандык коомдун, парламентаризмдин калыптанышына жана өнүгүүсүнө таасири талданган, ошондой эле жалпы ишинин концепциясы аркылуу мамлекеттин түрдүү формаларынын артыкчылыктары жана кемчилдиктери боюнча бир топ ой-пикирлер айтылып, конкреттүү сунуштар берилген. Каралып жаткан институттар Кыргызстандын укуктук теориясы үчүн жаңы болгондугун эске алганда, изденүүчүнүн эмгектеринин жана жүргүзгөн илимий изилдөөсүнүн теориялык маанилүүлүгү чоң.

Изилдөө ишинде келтирилген натыйжалар жана тыянактар коллегиалдык мамлекеттик башкарууну андан ары изилдөө, жалпысынан мамлекетти башкаруу ишмердүүлүктү, ошондой эле бул тармакты жөнгө салуучу ченемдик-укуктук базаны жакшыртуу үчүн методологиялык негиз болуп бере алат. Иштелип чыккан жоболор, тыянактар, сунуштар мамлекеттик саясатты жүргүзүүдө, мамлекеттик аппаратынын уюштурулушунда колдонсо болот жана ушул укуктук мамилелерди жөнгө салуучу мыйзамдарды даярдоодо мыйзам чыгаруу практикасында колдонулушу мүмкүн. Автор тарабынан иштелип чыкан жоболор, сунуштар кийинки илимий изилдөөлөрдө колдонулушу мүмкүн.

Диссертацияда камтылган жоболор окуу процессинде «конституциялык укук», «муниципалдык укук» дисциплиналарды окутууда колдонсо болот, андан тышкары аталган дисциплиналар боюнча окуу китептерин жана окуу куралдарын даярдоодо колдонулушу мүмкүн.

**7. Диссертациянын негизги жоболорунун, натыйжаларынын, корутундуларынын жана корутундуларынын жарыяланышынын жетиштүү толуктугун тастыктоо**

Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган жана түзүлгөн жыйынтыктар жана тыянактар 69 илимий басылмада, анын ичинде КР УАК сунуш кылган журналдарда; РИНЦ, Scopus маалыматтар базасында жана бир монографияда чагылдырылган.

**8. Автореферattын диссертациянын мазмунуна ылайык келиши**

Изденуучу М.Б. Татеновдун «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндөгү коллегиялдуулук жана жеке башчылык (конституциялык-укуктук аспект)» темасындагы диссертациясын жана анын

авторефератын салыштыруунун натыйжасында, алардын мазмуну бири-бирине толугу менен ылайык келет деп корутундулоого мүмкүндүк берет. Диссертациянын түзүмдүк элементтери (киришүү, баптар, бөлүмдөр, корутунду жана практикалык сунуштар) авторефератта зарыл болгон көлөмдө толук кандуу берилген.

**9. Диссертациялык иш боюнча сын-пикирлер жана сунуштар**

Татенов Марат Бейшенбековичтин диссертациялык ишине жалпысынан оң корутунду беруу менен бирге, төмөндөгү эскертүүлөрдү белгилей кетүү керек деп эсептейбиз:

1. Диссертациянын мурдагы редакциясында 1.4.-бөлүмүндө автор АКШ, Германия, Улуу Британия, Франция, Италия, Россия, Кыргызстан сыяктуу өлкөлөрдүн эл менен жогорку мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүүсүнүн схемаларын көрсөткөн эле. Ошол схемаларды колдонсо болмок.

2. Жактоого коюлган үчүнчү жободо автор укуктук принциптер ишке ашуу үчүн биринчи коллегиалдык принциптин жүзөгө ашырылышын айткан, бирок коллегиалдык принцибы ишке ашуу үчүн эмне керектигин айтса жакшы болмок.

3. Диссертацияда стилистикалык редакциялык каталар дагы бар.

Ошону менен бирге, айтылган эскертүүлөр сунуш берүүчү мүнөзгө ээ экендигин жана алар диссертациялык ишке карата берилген оң корутундуга таасир тийгизбей тургандыгын белгилейбиз.

**10. Диссертациянын Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө» Жобосуна (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январындагы ПЖ №12 Жарлыгы) ылайык келиши**

Татенов Марат Бейшенбекович тарабынан даярдалган "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндөгү коллегиялдуулук жана жеке башчылык (конституциялык-укуктук аспект)" темасындагы диссертациялык иш өзүнүн түзүмү жана мазмуну, алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы жана маанилүүгү боюнча Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын "Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө" Жобосунун (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18- январындагы ПЖ №12 Жарлыгы) талаптарына толук жооп берет, ал эми анын автору 12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын ыйгарууга татыктуу.

**11. Юридика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын**

**ыйгаруу боюнча сунуштар**

Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжалар, коргоого чыгарылуучу негизги жоболор туура жана так иштелип чыккан, алардын актуалдуулугу талаш жаратпайт. Диссертацияда изденүүчүнүн юридика илимине кошкон жеке салымын күбөлөндүрүүчү бир катар жаңы илимий натыйжалар жана жоболор камтылган. Изилденип жаткан тармактагы бар болгон көйгөйлөрдүн сунушталып жаткан жаңы чечимдери жана ыкмалары жетиштүү деңгээлде аргументтештирилген жана сынчыл көз караш менен бааланган.

Белгиленген жагдайларды эске алып, Татенов Марат Бейшенбекович тарабынан даярдалган 12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын ыйгарууга татыктуу экендигин билдирем.

**Расмий оппонент:**

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин юридикалык колледжинин директору, юридика илимдердин доктору, доцент Джумалиев Д.С.

Д.С. Джумалиевдин колун тастыктаймын
Кбнүн башчысы [illegible]